Чортекова Миргул Темирбековнанын "Англис жана кыргыз тилдериндеги мейкиндикти туюндурган сын атоочторго лексикалык жана семантикалык анализ жүргүзүү" деген темада 10.02.20 — тектештирме- тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчи филология илимдеринин доктору, профессор Ч.К.Наймановanын

# ПИКИРИ

М.Т.Чортекованын кандидаттык диссертациясынын актуалдуулугу англис жана кыргыз тилдеринде мейкиндиктеги чен -өлчөмдү сыпаттаган сын атоочторду азыркы замандын бирден бир актуалдуу болгон тармак прикладдык лингвистиканын бир бөлүгү болгон корпустук лингвистиканын негизинде анализ жүргүзгөнү. Англис тилиндеги бир канча корпустарды колдонгон, ал эми кыргыз тилинин корпусун практикалык жактан илимий иште колдонулушу, статистикалык маалыматтарды камтып изилдеген эмгектер жокко эсе экенин теманын илимий жаңылыгы экенин тастыктап турат жана биринчи кандидаттык иш жазылды деп айтсам болот. Кыргыз тил илиминде биринчи жолу кыргыз тилинин корпусунун колдонуу менен изилдөөнүн жаңы багытын, жаңы баскычын алып чыккан.

Диссертацияда чен- өлчөм сын атоочторунун лексикалык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн табууда компаративистикалык лингвистиканын алкагында изилдөөсү, салыштырма тил илиминин методдору менен корпустук лингвистиканын сандык жана сапаттык методдорун колдонуусу иштин теориялык баалулугун ачып турат.

Изилдөөнүн милдети жана максаты так коюлган. Иште салыштырма, типологиялык жана корпус боюнча милдеттер коюлуп, алардын бардыгы ишенимдүү түрдө чечилип, "мейкиндиктеги чен -өлчөмдү сыпаттаган сын атоочторго лексикалык- семантикалык анализ жүргүзүү" боюнча иштин негизги максатына жеткен.

Диссертациянын түзүлүшү киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин көлөмү 196 бетти түзөт. Биринчи бапта англис жана кыргыз тилдериндеги сын атоочту изилдөөнүн теориялык маселелерине сереп деп аталып, ал 4 параграфты камтыйт: Сөз түркүмдөр теориясын изилдөө; Англис тилиндеги сын атоочтордун лингвистикалык табияты; Түркологияда жана кыргыз тил илиминдеги сын атоочтордун изилдениши; Тил илимдеги валенттүүлүк, лексикалык – семантикалык топ жана лексикалык – семантикалык түр (вариант). Экинчи бапта англис жана кыргыз тилдериндеги сын атоочту изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары деп аталып, изилдөөнүн объектисин, предметин, методдорун жана материалдарын иликтөөгө алат. Үчүнчү бапта англис жана кыргыз тилдериндеги мейкиндикти билдирген сын атоочторду изилдөөнүн тыянактары деп аталып изилдөөнүн натыйжаларын чагылдырылат: Англис жана кыргыз маданиятындагы мейкиндик түшүнүгүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталат, англис тилде сүйлөгөн калктардын жана кыргыздардын тилдик аң-сезиминдеги орду талданат; Англис жана кыргыз тилдериндеги мейкиндикти билдирген сын атоочтор лексика-семантикалык топторго ажыратылат; Англис жана кыргыз тилдериндеги тегиздик, узундук, кендик жана бийиктик өлчөмдөрүн туюнткан сын атоочтордун лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү классикалык анализге кошумча англис жана кыргыз тилинин корпустарындагы статистикалык маалыматтар аркылуу лексика-семантикалык анализ жүргүзүлөт. Корутундуда жалпы жыйынтыктар чыгарылат.

Диссертант тарабынан коюлган жоболорду практикада колдонуу мүмкүнчүлүктөрү тастыктайт. Диссертациялык иштин негизинде апробацияланган практикалык аракеттери, ишти талкулоо учурунда илимпоздордун эмгекке карата берилген баалары бул проблеманын негизинде жүргүзүлгөн изилдөө ишинин ишенимдүүлүгүн ырастайт.

Диссертант өз ишинде өзүнүн жогорку лингвистикалык эрудициясын, тилдик материалды кылдат билгендигин көрсөткөнү, иш так, лингвистикалык жактан сабаттуу жазылганы жана анын негизинде, «Англис жана кыргыз тилдериндеги мейкиндикти туюндурган сын атоочторго лексикалык- семантикалык анализ жүргүзүү» деген аталыштагы 10.02.20 – тектештирме тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган изилдөө ишин коргоого сунуштаймын.

Илимий жетекчи
филология илимдеринин доктору, профессор Ч.К.Найманова

КЕҢСЕ

Ч.К. Наймановanын колун тастыктайм

инс.о.к.